Иш №ПН-386/24Т5

# ТОКТОМ

2024-жылдын 05-ноябры Талас шаары

Талас облусунун Талас шаардык соту
курамында: төрагалык кылуучу-судья М.Ы.Турсункулов,
сот отурумунун катчысы Б.Эмилбек уулу,
Талас шаарынын прокурорунун улук жардамчысы Б.Молдогазиевдин жана укук бузуучу Б.Батырбекованын катышуусунда ачык сот отурумунда 31.12.1987-жылы туулган, Кыргыз Республикасынын жараны, улуту кыргыз, билими жогорку, Кыргыз Республикасынын Талас шаардык кеңешинин депутаттыгына "Бирге-Вместе" саясий партиясынан талапкер, Талас облусунун Талас шаарынын Омурбеков көчөсүнүн №341-үйүнүн тургуну, укук бузуу жөнүндө протокол менен таанышкан, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 437-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн укук бузуучулуктарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылуучу Батырбекова Бегимай Батырбековнага карата укук бузуу жөнүндө материалын карап, сот,

## ТАБАТ:

Талас шаардык кеңешинин депутаттыгына "Бирге-Вместе" саясий партиясынан талапкер Б.Батырбекова Талас шаардык "Таза Суу" муниципалдык ишканасында 13.05.2024-жылы башкы инженер кызматына дайындалып, 08.10.2024-жылы шайлоого талапкер болгондугуна байланыштуу, эмгек өргүүгө чыккандыгына карабастан, 2024-жылдын 25-октябрында "Таза Суу" муниципалдык ишканасынын менчигинде турган мамлекеттик белгиси 07KG212CB болгон экскаватор техникасын акысыз шартта шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 437-беренесинин 1-бөлүгү менен 01-01-068-01-8-000041 сандуу укук бузуу жөнүндө протокол түзүлгөн.

Сот отурумунда укук бузуучу Б.Батырбекова күнөөсүн жарым-жартылай мойнуна алып, "Таза Суу" муниципалдык ишканасына таандык экскаватор техникасына отуруп, өзүн тааныштыруу үчүн гана видео тасма тартып койгонун, бул административдик ресурсту колдонуу болуп эсептелинбеш керегин айтып, мыйзам чегинде карап берүүнү суранды.

Сот отурумунда Талас шаарынын прокурорунун улук жардамчысы Б.Молдогазиев укук бузуу жөнүндө протоколду колдоп, укук бузуучуга карата 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айып пул салууну сурады.

Сот, иштин ичиндеги топтолгон материалдарды карап чыгып, укук бузуучунун түшүндүрмөсүн жана прокурордун орун басарынын пикирин угуп, Б.Батырбекова Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 437-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн укук бузууну жасаган деген жыйынтыкка келет, анын квалификациялык белгилери "шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу" болуп эсептелинет.

Укук бузуучу Б.Батырбекова күнөөсүн толук мойнуна албаса да, бул факты боюнча анын күнөөсү өзүнүн сот отурумунда берген көрсөтмөлөрү, укук бузуу жөнүндө протоколу, укук бузуу ишин козгоо жөнүндө токтом, түшүнүк каттар жана ишке тиркелген башка материалдар менен толук далилденет деп сот жыйынтыкка келет.

Мындан сырткары, сот отурумунда Талас шаарынын прокурорунун улук жардамчысы Б.Молдогазиев тарабынан камсыздалган видео тасманы көрүп чыгууда, укук бузуучу Б.Батырбекова "Таза Суу" муниципалдык ишканасынын менчигинде болгон 07KG212CB мамлекеттик номерлүү экскаватор техникасын шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашырганы так байкалат.

Демек, укук бузуучу Б.Батырбекованын укук бузуу күнөөсү иш материалдары менен толук далилденди деп сот жыйынтыкка келет.

Укук бузуучу Б.Батырбекованын укук бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги жөнүндө чечим кабыл алууда, жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды эске алып, ага карата Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 437-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айып пул салуу жаза чарасын колдонууну сот туура деп табат.

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 536-537, 539, 541-беренелерин жетекчиликке алып, сот,

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**Батырбекова Бегимай Батырбековна** Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 437-беренесинин 1-бөлүгү менен күнөөлүү деп табылып, ал берене боюнча 200 эсептик көрсөткүчкө, башкача айтканда 20 000 (жыйырма миң) сом айып пул салынсын.

Токтомду аткаруу укук бузуу жөнүндө протокол түзгөн органга жүктөлсүн жана анын аткарылгандыгы тууралуу Талас шаардык сотуна маалымдалсын.

Токтомго наразы тарап 10 күндүн ичинде Талас облустук сотуна апелляциялык тартипте даттанууга укуктуу.

Төрагалык кылуучу М.Ы.Турсункулов
көчүрмө туура

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТАЛАС ШААРДЫК СОТУ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ СУД
КӨЧҮРМӨ ТУУРА КОПИЯ ВЕРНА
Колу / Датасы
«12» 11 2024 г.